**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС АЙМАКТЫК**

**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**

**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

724000 Кыргыз Республикасы,
Покровка айылы, М.Коящев көчөсү №63
**E-mail:** adm59@sailoo.gov.kg
**тел.:** (3459) 2-26-56,

724000, Кыргызская Республика,
село Покровка , улица М.Коящева№63
**E-mail:** adm59@sailoo.gov.kg
**тел.:** (3459) 2-26-56

# Манас аймактык шайлоо комиссиясынын №1 Чечими

15.04.2021 Покровка айылы

## "Клооп Медиа" коомдук фондунун даттануусу жөнүндө

2021-жылдын 11-апрелинде "Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору боюнча референдум өткөрүү учурунда "Клооп Медиа" коомдук фондунун №6002 Кайыңды участкалык шайлоо комиссиясынын кол менен саноодогу толтурулган протоколу жөнүндө даттануусун карап төмөнкүлөрдү белгилейт.

"Клооп Медиа" коомдук фонду өзүнүн даттануусунда №6002 Кайыңды участкалык шайлоо комиссиясынын 20:00дон 00:00 убагында кол менен саноодогу толтурулган протоколу менен protocol.shailoo.gov.kg сайтында жарыяланган протокол менен дал келбейт деп көрсөткөн.

Ушуга байланыштуу "Клооп Медиа" коомдук фонду Манас аймактык шайлоо комиссиясына №6002 Кайыңды участкалык шайлоо комиссиясынын аракеттерин мыйзамсыз деп таанып, №6002 шайлоо участкасынын добуш берүү жыйынтыктарын жокко чыгарууну суранат.

Аталган маселени обьективдүү кароо үчүн жыйынга №6002 УШКнын төрагасы Г.Эшенкулова катчысы М.Азранкулова жана "Клооп Медиа" коомдук фондунун байкоочусу Ж.Абдраимов чакырылган.

Иштин материалдарын иликтеп чыгып жана "Клооп Медиа" коомдук фондунун өкүлү Ж.Абдраимовдун түшүндүрмөсүн угуп, берилген фото материалдар менен таанышып Манас аймактык шайлоо комиссиясы төмөндөгүлөрдү белгилейт.

"Клооп Медиа" коомдук фондунун байкоочусу Ж.Абдраимов өз сөзүндө шайлоо аяктап 20:00дон кийин кол саноодо толтурулган протокол сураганда Г.Эшенкулова берген протоколду сүрөткө тартып алганын билдирди.

№6002 УШКнын төрагасы: Г.Эшенкулова катчысы М.Азранкулова шайлоо процесинде жаңы иштеп жатканына байланыштуу протоколдун 4-графасын 187 ордуна 183 деп ката толтуруп алган, толук толтурула элек протоколду кайрадан текшерип оңдоп толтурганча "Клооп Медиа" К.Ф байкоочусу Ж.Абдраимовго билбестиктен ката толтурулган протоколду сүрөткө тартууга уруксат бергенин, сүрөткө тарткандан кийин Ж.Абдраимов шайлоо участкасынын ичинен чыгып кетип калган. Кайрадан текшерип чыгып протоколду 4-графасынын 183 ордуна 187 деп оңдоп, АЭУ аркылуу сканерлеп БШКга жөнөткөнүн маалымдады.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Манас аймактык шайлоо комиссиясы даттануудa көрсөтүлгөн фактылар так эмес байкоочу Ж.Абраимов сүрөткө тартылган протоколунун сандары жазуу түрүндө жазылган эмес экенин эске алып №6002 УШКнын кол менен саноодогу протоколу protocol.shailoo.gov.kg сайтындагы протокол менен дал келерин белгиледи.

Баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Референдуму жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 37-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна карата эч кандай мыйзам бузуу болбогонун белгилеп Манас аймактык шайлоо комиссиясы төмөндөгүдөй

## Чечим кылат:

1. “Клооп Медиа” коомдук фондунун 2021-жылдын 14-апрелиндеги даттануусун канаттандыруудан баш тартылсын.
2. №6002 УШКнын төрагасы Г.Эшенкуловага жана катчысы М.Азранкулова эскертүү берилсин.
3. Ушул чечимдин көчүрмөсү “Клооп Медиа”коомдук фондуна жөнөтүлсүн.

Төрага: Д.Кермалиев

Катчы: А.Айыпов